DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2023

*Колдошов Т. Р.*

## 1917-1940-ЖЫЛДАРДАГЫ КЫРГЫЗ ОБОНДУУ ЫРЛАР: ЭЛДҮҮЛҮК ЖАНА ЖАҢЫЧЫЛЫК

*Колдошов Т. Р.*

## КЫРГЫЗСКИЕ МЕЛОДИЧНЫЕ ПЕСНИ 1917-1940 ГОДОВ: НАРОДНОСТЬ И НОВШЕСТВО

*T. Koldoshov*

## KYRGYZ MELODIC SONGS OF 1917-1940: NATIONALITY AND INNOVATIONS

*УДК: 784.3*

*Макалада 1917-жылдагы Октябрь революциясынын жеңиши, кыргыз элинин саясий жана маданий жашоо-тиричилигинин өнүгүүсүнө, карапайым калктын аң-сезиминин өзгөрүүсүнө себеп болушу, Совет бийлигинин чечкиндүү иш аракеттеринин натыйжасында, кыргыз жаштары билим алууга умтулуу менен катар, өлкөнүн саясий жана маданий турмушуна активдүү аралашып, жаңы замандын талабына тез арада көнүү менен ыңгайлаша башташы тууралуу айтылат. Жергебизге келген жаңы заман менен кошо, улуттук жана көп улуттуу совет элинин маданияты кулачын жайып, искусствонун бардык тармактары өнүгүүгө багыт алышы, калктын калың катмарынын сабатсыздыгын жоюу, совет өлкөсүнүн жаңы идеяларын эмгекчилерге жеткирүү, аларды эстетикалык жактан тарбиялоо негизги приоритет катары саналышы каралат. Макалада ошондой эле, бул жылдардагы искусствонун негизги бөлүктөрүнөн болгон кыргыз обондуу ыр чыгармачылыгынын калыптанып өнүгүүсү жана байыртадан бери келе жаткан обончулуктун салттуулугунун колдонулушу жана аны улантуучулар жөнүндө сөз болот. Улуу акын Токтогул Сатылганов баш болгон Калык Акыев, Барпы Алыкулов, Алымкул Үсөнбаев, Осмонкул Бөлөбалаев, Муса Баетов, Атай Огомбаев сыяктуу элдик ырчы-обончулар эң алгачкылардан болуп жаңы доорду ырдап чыгышы, элдик ырчы-обончулардын чыгармачылыктары жалпы элдин жашоо-тиричилигин чагылдырууга көздөлгөндүгү баяндалат.*

***Негизги сөздөр:*** *ыр чыгармачылыгы, обондуу ыр, салттык обончулук, эстетикалык, маданият, искусство, акын, төкмөчүлүк, ишмердүүлүк.*

*В статье рассказывается о победе Октябрьской революции 1917 года, о том, что она стала причиной изменения политической и культурной жизни кыргызского народа, изменения сознания простого населения, о том, что в результате решительных действий советской власти кыргызская молодежь, наряду со стремлением к образованию, активно включилась в политическую и культурную жизнь страны и начала быстро адаптироваться к требованиям нового времени. С приходом на нашу землю нового времени в качестве основных приоритетов были определены распространение культуры национального и многонационального советского народа, ориентация всех отраслей искусства на развитие, ликвидация неграмотности среди слоев населения, а также донесение до трудящихся новых идей советской власти с целью воспитания музыкально-эстетического мировоззрения народа. В статье также будет рассказано о становлении и развитии кыргызского мелодичного песенного творчества, являющегося одной из основных составляющих искусства этих лет, а также о применении и продолжении использования традиций мелодичности, которая существует с древних времен, и о ее последователях. Рассказывается о том, что народные певцы-мелодисты, такие как Калык Акиев, Барпы Алыкулов, Алымкул Усенбаев, Осмонкул Болобаев, Муса Баетов, Атай Огомбаев, первыми воспевали новую эпоху и жизнедеятельность всего кыргызского народа.*

***Ключевые слова:*** *песенное творчество, мелодичные песни, традиционная мелодичность, эстетическое, культура, искусство, поэт, импровизационность, деятельность.*

*The article talks about the victory of the October Revolution of 1917, that it caused a change in the political and cultural life of the Kyrgyz people, a change in the consciousness of the common population, that as a result of the decisive actions of the Soviet government, Kyrgyz youth, along with the desire for education, actively joined the political and cultural life of the country and began quickly adapt to the requirements of the new time. With the advent of modern times on our land, the main priorities were identified as the dissemination of the culture of the national and multinational Soviet people, the orientation of all branches of art to development, the elimination of illiteracy among the population, as well as the communication to the workers of new ideas of the Soviet government in order to educate the musical and aesthetic worldview of the people. The article will also talk about the formation and development of the Kyrgyz melodic songwriting, which is one of the main components of the art of these years, as well as about the application and continued use of the traditions of melody, which has existed since ancient times, and about its followers. It is told that folk singers-melodists, such as Kalyk Akiev, Barpy Alykulov, Alymkul Usenbaev, Osmonkul Bolobaev, Musa Baetov, Atay Ogombaev, were the first to sing the new era and the life of the entire Kyrgyz people.*

***Key words:*** *songwriting, melodic songs, traditional melody, aesthetic, culture, art, poet, improvisation, activity.*

Жергебизге орногон жаңы замандын шарапаты менен, ички жана сырткы душмандарга каршы күрөшүү мезгилинде, маданият революциясы да өзүнүн кулачын жайып, өнүгүү жолуна арышын кенен таштайт. Совет Өкмөтүнүн уюшулганынын эң алгачкы жылдарынан баштап эле, граждандык согуш, кызыл армиянын жана партизандардын класстык түзүлүшкө каршы күрөшү, карапайым элдин ыр чыгармачылыгында чагылдырылат.

Советтик бийликтин алгачкы күнүнөн эле, искусствонун түрлөрү жана жанрлары социалисттик курулушту, совет элинин баатырдык жеңишин жана анын кайратман эмгегин чагылдырууга багыт алат. Советтик ыр жанрынын жана чыгармачылыгынын

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



өнүгүшүнө, тарыхый жаңы идеялар жана терең интернационализм зор таасирин берет. Нечен кылымдардан берки салттуулукка таянуу менен, жаңы доордун идеялык-эстетикалык талаптары музыкалык-поэтикалык чыгармачылыктын жаңы формаларын пайда кылат. Мына ушундай таризде кыргыз советтик жаңы мазмундагы жана формадагы обондуу ырлар пайда болот.

1918-жылы Жети-Суу облустук аткаруу комитетинин токтому менен, көптөгөн маданий мекемелер элдик театрга айландырыла баштайт. Ушул эле жылы борбор шаарыбызда кинотеатр ачылып, «Эркиндик» аттуу музыкалуу-драмалык ийрим уюштурулат. Ысык-Көл облусунун борбору болгон Каракол шаарында элдик театр ачылып, анда хор жана симфониялык оркестри уюштурулат. Бул жамааттардын жетекчиси дирижер жана композитор Д. Д. Мацуцин (1893-1980) болгон. Ал, Казакстандын Алма-Ата (Верный) шаарында туулуп өсүп, казак элинин каада-салтын, тилин, элдик чыгармаларын мыкты өздөштүрүп алган. Кийинчерээк, Ысык-Көл аймагына караштуу Каракол шаарына келип, мектепте мугалим болуп иштөө менен бирге, өзү уюштурган хор жана оркестр жамааттарынын өсүп-өнүгүүсүнө көп иш-аракеттерди жасаган. Хор жана оркестр жамаатынын репертуарына «Ой тобо», «Турсунай», «Жакшылык» сыяктуу кыргыз элдик обондуу ырларын, «Манас» эпосунун обонун нотага түшүрүп, ошону менен бирге революциялык жана патриоттук мүнөздөгү ырларды киргизген.

Доордун алмашуусу, жашоонун өзгөрүшү менен, XX кылымдын башындагы граждандык согуш мезгилинде, мазмуну жана багыты боюнча советтик-патриоттук темадагы обондуу ырлар пайда боло баштайт. Ал ырлар баатырдык пафоско сугарылган, эмгекчи элдин биримдиги менен, революциянын касдушмандарына каршы күрөшүүнүн идеялык куралы катары кызмат кылган.

Граждандык согуш мезгилиндеги обондуу ырлар түрдүү мүнөздөгү жанрларга ээ болгон. Алардын ичинде чакырык-гимни, Кызыл Армияны даңазалаган патриоттук ырлар, жүрүш ырлар, курч сөздүү сатиралык ырлар камтылган. Бул мезгилдердеги ырлар жоокерлердин кайраттуулугун, эрдигин чагылдырган мажордук марш мүнөздөгү обондуу ырлардан болгон. 20-жылдардагы граждандык согуштун таасириндеги марш мүнөздүү ырлар менен катар, лирикалык ырлар да пайда болгон.

Совет Өкмөтүнүн мезгилинде жашоонун жаңы шарттары, шаарларда жана айылдарда өздүк көркөм чыгармачылыгынын кеңири өнүгүүсүнө көмөк берет. Республиканын бардык жерлериндеги шаардык, райондук жана айылдык маданият үйлөрүндө, клубдарда уюшулган өздүк көркөм чыгармачылыгынын ар тармактуу ийримдеринде: ыр, хор, комуз ж. б. боюнча шык-жөндөмдүү жаштардын катышуучуларынын саны көбөйөт. Кээ бир ийримдерди кесиптик билими бар, адис музыканттар жетектейт. Чыгармачыл инсандар жаңы заманды, элдин эркиндигин, теңчилигин, ынтымагын, достугун, биримдигин, күжүрмөн эмгекчилдигин чагылдырган чыгармаларды жаратат. Борбордук Азияда жаңы доордун алгачкы жылдарынан баштап, Ташкент, Алма-Ата, Пишпек, шаарларында маданий мекемелери, элге билим берүү бөлүмдөрү ачылат. Билим берүү тармагында эл агаруу иштери жүргүзүлүп, айылдарда, шаарларда мектептер, интернаттар, кызыл үйлөр (китепканалар), ачылып, аларда ар түрдүү багыттардагы ийримдерди, улуттук көркөм өнөрдү, анын ичинде элдик музыканы өнүктүрүү маселелери каралат.

1919-жылы Коммунисттик партия эмгекчил совет адамы үчүн «искусствонун бардык кенчин» ачып берүүгө чакырган биринчи программасын кабыл алган. Программанын максаты карапайым эмгекчил элге искусствону терең түшүндүрүү, коомдун жалпы маданиятын жогорулатуу менен, элдик оозеки чыгармачылыкты бүтүндөй совет элинин маданий мурасына айлантуу эле. Жалпы элдин жашоо-турмушу түптамырынан бери өзгөрүүгө бет алат. Мындай багыт элдик музыкалык маданиятында да бир кыйла бурулуштарды алып келет. Музыкалык маданият өзүнүн өнүгүүсүнүн жаңы этабын баштайт. Ал учурда, жалпы искусство тармагынын өнүгүүсүндө, эң маанилүү куралдардын бири, В. И. Лениндин «Искусство – элге таандык» деген урааны болду. Бул ураандын астында, байыркы элдин байыртадан калыптанып, өнүгүп келген маданий жана искусство өнөр мурасын сактоо менен, аны карапайым элге жайылтууну жана өнүктүрүүнү, ошондой эле, искусство өнөрүнүн адам баласынын руханий дүйнөсүнө болгон таасирин, коозугун көп улуттуу өлкөнүн ар бир жаранына түшүндүрүү жүргүзүлө баштаган. Советтик өлкөнүн эмгекчилеринин баарынын аң-сезимин жана эркин бириктирген чыгармачылыктын жаңы багыттарын аныктап, ынтымакка, биримдикке үндөгөн жаңы мазмундагы чыгармаларды жаратуу күн тартибинде болгон.

1919-жылы Түркстан автономиялуу Республикасынын Жети-Суу облусунун улуттук иштер боюнча бөлүмү тарабынан Алма-Ата шаарында элдик чыгармачыл таланттардын чоң Жыйыны (Слету) болуп өтөт. Жыйынга кыргыз төкмө акындар жана ырчылар катышат. Бир айга созулган бул маданий иш-чарада, кыргыз обондуу ырлары жазылып алынат жана анда чыгармачылыкты өнүктүрүү багыттары боюнча маселе каралат.

Октябрь революциясынан кийинки өзгөрүүлөр

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



тууралуу искусство таануу илимдеринин доктору, профессор К. Ш. Дүйшалиев: «Коомдук турмуштун маанилүү элементи катары кыргыз элдик музыкалык маданияты 1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийин жаңы социалисттик идеологияны пропагандалоонун бирден бир куралы болуп калган. Бул айрыкча элдик кесипкөй ырчылардын жана акындардын чыгармачылыгына тиешеси бар эле» - деп жазган [1, 20-б.]. Окумуштуу айткандай, жаңы доордун башталышы менен, өлкөбүздөгү бардык өзгөрүүлөр, жаңыча жашоо, жаңыча эмгектенүү, жаңыча ишмердүүлүктү жүргүзүү ж. б. болуп турган кубулуштар тууралуу жалпы элге кабарлап туруу ырчы-акындардын милдеттеринен болгон. Анткени, илгертен ырчы-акындар эл ичинде болуп турган ар кандай жарлыктарды калың элге кабарлап турган жарчылар – ырчы-акындардын салты. Мындай салт кыргыз элдик ырчы-обончулук аткаруучулук өнөрү байыркынын түпкүрүнөн бери келе жаткандыгы бизге белгилүү. Бул өнөрдү алып жүргөндөр жеке эле ырчы-аткаруучу гана эмес, обончулук, акындык, төкмөчүлүк, актердук жөндөмдүүлүктөрүнө да ээ болушкан. Бул тууралуу С. М. Абрамзон мындайча оюн жазып калтырган: «Кыргыз акыны баарынан мурда ырчы гана болбостон, музыкант да, композитор да болгон. Мурунку мезгилдерде элдик ырчылар бир убакта эле төкмө акын да, аспаптык музыканын чеберлеринен да, жана эпос айтуучулардан да болушкан» [2, 385-б.]. Ал эми, музыка таануучу М. Касей: «Кыргыз элдик ырчылык аткаруучулугу менен жуурулушкан обончулугу, маданият таануучулук ой толгоо боюнча айтканда, поэзия менен тыгыз байланышта калыптанып өнүккөн жана алардын бирден-бир өзгөчөлүгү, ырчы-обончу жеке эле аткаруучу гана болбостон, анын төкмө акындык касиетинин болгондугунда» – деген оюн билдирген [3, 95-б.]. Демек, мындай ой толгоолордун негизинде, кыргыз ырчылары жеке эле аткаруучулук менен чектелбестен, бир нече өнөрдү кошо ала жүрүү менен өнүктүргөндүгүн айтууга болот.

Бул жылдары Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо, Калык Акыев, Барпы Алыкулов, Алымкул Үсөнбаев, Осмонкул Бөлөбалаев, Муса Баетов, Атай Огомбаев сыяктуу өнөр ээлери биринчилерден болуп ырдап чыгышат. Алар жаңы замандын жарчысы катары үгүт-насаат ырларын ырдап, совет өкмөтүнүн жарлыктарын жайылтууга, жаштарды билим алууга үндөшкөн.

1920-жылдары кыргыз элдик ыр чыгармачылыгын жыйноо жана өздөштүрүү системалык мүнөзгө ээ болот. Карапайым элдин жашоо-тиричилигин чагылдырган комсомолдук гимндер жана сатиралык тамаша мүнөздөгү обондуу ырлар көңүлдүн чордонунда болуп, обондуу ыр жанры дүркүрөп өсүү жолуна түшөт. Өзүнүн формасы боюнча улуттук, мазмуну боюнча социалисттик мүнөздө, маданияттын жана искусствонун ар кандай түрлөрү жаңы чыгармачыл демге ээ болот. Бул жылдары борбордо, шаардык партия комитети айылдык эмгекчилердин маданий агартуу иштерин жүргүзүү үчүн, «Кызыл араба» маданий тейлөө кызматын уюштурат. Кызыл арабанын катышуучулары (партиянын маданий агартуу комитетинин мүчөлөрү, ырчы-акындар, манасчылар, комузчу-чоорчулар ж. б. музыканттар) жергебиздин айылдарын кыдырып, жыйындарды өткөрүп, жаңы заманды даңазалап, концерттик программада оюндарын коюшуп, ыр-күүлөрүн тартуулашат.

Искусствонун бардык түрлөрү жалпы коомчулуктун саясий-маданий турмушуна байланыштуу өнүгүүсүн улантып, жаңы чакырыктарга жооп иретинде обондуу ырлар жаралып, эл арасында аткарыла баштайт. Бүтүндөй совет элинин максат-тилектери орундалып жатканын, ар бир жаран өзүн бактылуу сезип, турмушуна ыраазы экендиги чыгармалардан байкалат.

Октябрь революциясынын жеңишин, жаңы доорго багыт алуу менен, аны даңазалаган тематикадагы кыргыз обондуу ырларынын бир топ үлгүлөрү жаралат. Атап айтсак, «Октябрь», «Сыймыгыбыз партия», «Компартия», «Жетекчибиз партия», «Жүз миң жаша, партия», «Булагыбыз партия», «Чырак болдуң партия» деген жаңы революциялык маанайдагы партияга арноо ырлары ырчылардын репертуарларына кирет. Бул ырларда Улуу Октябрь, Коммунисттик партиядан сырткары жалпы эмгекчил элдин эркиндиги, бардык жерде теңдик орун алганы, бакубат жашоолору чагылдырылган.

Жаңы доорду мазмундаган, жаңы багыттагы көптөгөн чыгармаларда, кыргыз элинин тарыхы менен бирге, обондуу ырлардын өнүгүүсүнүн тарыхый тенденциялары чагылдырылган. Маданиятты көтөрүү, республика боюнча искусствонун борборун уюштуруу максатында, элет жериндеги таланттууларды чогултуу үчүн атайын топ түзүлөт. Эл ичинен чыккан манасчыларды, ырчы-аындарды ж. б. музыканттарды Пишпекке чогултулат. Ага, эл чыгармачылыгын мыкты билген билимдүү адамдар – көрүнүктүү коомдук ишмерлер, адабиятчылар, Эл комиссариатынын эл агартуу бөлүмүнүн башчысы Касым Тыныстанов, белгилүү жазуучу, акын Райкан Шүкүрбеков, Эл комиссариатынын төрагасы, жазуучу, котормочу Баялы Исакеев, Эл комиссариатынын искусство башкармасынын жетекчиси А. Айылчиев ж.б. түздөн-түз катышкан. Мындан сырткары, К. Тыныстанов тарабынан 1925-жылдан тартып элдик музыкаларды: обондуу ырларды, аспаптык күүлөрдү нотага түшүрүү

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



боюнча орусиянын адис музыканттары менен сүйлөшүүлөр жүргүзүүнүн натыйжасында, белгилүү музыка изилдөөчү, фольклорчу, этнограф А. Затаевич (1869-1936) келип, Мукай Элебаев, Касымалы Жантөшев, Кубанычбек Маликов, Абдылас Малдыбаев, Абдрасул Токтомушев сыяктуу белгилүү акындардан ондогон кыргыз ырларын жазып алган.

Элдик обондуу ырларды жана күүлөрдү нотага түшүрүү иштерин жүргүзгөн А. Затаевич: «Кыргыз ырчылары өзүлөрүнүн чыгармачылыгында, көпчүлүк учурда кызыктырууну пайда кылып, таң кала турган пасторалдык ***(Пастораль** (фр. pastorale, лат. pastoralis – койчумандык) – табиятынан айылдык бейпилдик, бакубаттык жашоону сүрөттөгөн музыкалык чыгарма)* мүнөздөгү бир калыпта, түрдүү ыргактардагы ырларды жазышкан, мен аны толук мүнөздүү деп айтаар элем. Ошону менен бирге обондун стилдик өзгөчөлүктөрүн пайда кылган, өтө так көрсөтүлгөн формаларда жана симметриялык эмес түзүлүштөрдөгү обондуу ырларды жаратышкан» – деп белгилеген [4, 39-б.]. Демек, изилдөөчүнүн оюу, кыргыз элдик ыр чыгармачылыгы өзүнө мүнөздүү салттуу обондуулуктагы жана ыргактуулуктагы өзгөчөлүктөргө ээ экендигин билдирип турат.

Революциядан кийинки турмуш өнөр ээлерин шыктандырып, демине-дем кошуп, кыялдарын орундатып, чыгармачылык изденүүсүнө өбөлгө түзгөн. Совет Өкмөтүнүн орношун эң алгачкылардан болуп колдогондордун бири, залкар төкмө акын, комузчу-күүчү, тоо булбулу Токтогул Сатылганов (1864-1933) болду. Ал, өзүнүн мындан аркы бүтүндөй чыгармачылыгын жаңы доордун курулушуна, өнүгүшүнө арноо менен, «Жашасын Кеңеш өкмөтү», «Замана», «Бийик көтөр туунду», «Кандай аял тууду экен Лениндей уулду» сыяктуу обондуу ырларын жараткан. Токтогул жалпы элге төкмө акын жана комузчу-күүчү катары кеңири таанымал болсо да, байыртадан бери келе жаткан, ырчы-акындык салтта жер кыдырып, эл аралап, элдин жашоо-тиричилигин, жергебиздин табийгый көркөмдүүлүгүн, жаратылыштын коолдугун термелеринде төгүп ырдоо менен катар, салттуу обончулук өнөр жагынан да кем эмес болгон. Кайсы жерде аш, той же жыйналыш болсо, ал жерге Токтогул да шакирттери менен кошо чакырылган. Андай жерлерде залкар акын айтыш, термелеринен тышкары, санат-насаат, үлгү ырларын да элге тартуулаган. Улуу акындын ырчы-обончулук жүзү «Эмне кызык», «Гүлдөп ал», «Түз жолуңдан чыкпагын», «Дүнүйө», «Аккан суу», «Насыят», «Үлгү ыр» сыяктуу обондуу ырларында ачык көрсөтүлөт.

Көрүнүктүү музыка таануучу В. С. Виноградов акындардын обончулугу тууралуу мындайча жазган: «Акындардын чыгармачылыктары элдик ыр чыгармачылык маданияты менен өтө тыгыз байланышта болуп, ага зор таасирин тийгизген, башка жагынан алганда, ал, ошол маданияттын негизинде өсүп чыккан: акындар көпчүлүк учурда өзүлөрүнүн аткаруучулугуна мүнөздүү эл ичинде кеңири тараган обондорду колдонушкан жана аларды өнүктүрүшкөн [5, 7-б.].

Элдик өздүк көркөм чыгармачылык жамааттарынын ичинен элдик ырчылык обончулуктун салттуулугунун негизинде, музыкалык тили жана стилдик өзгөчөлүктөрү боюнча, абдан кызыктуу жана жагымдуу келген, мазмундуу жана интонациялуулугу менен өзгөчөлөнгөн, обондуулугу менен айырмаланган ырлар пайда болгон. Алардан байыркы обондуу ырлардын салттуулук нукуралыгын байкоого болот. Обондуу ырлардын эң орчундуу бөлүгүнөн болгон лирикалык жанр, байыртадан бери эле искусство түрлөрүнүн эң бир элдиктүүлүгүнөн болуп эсептелет. Лирикалык ыр жанрына кыргыз ырчы-акындарынын көпчүлүгү (Токтогул, Сыртпай, Боогачы, Калык, Осмонкул, Алымкул, Калмурат, Муса, Атай ж. б.) кайрылган.

Атактуу ырчы-обончу, акын Боогачынын «секетпайлары» менен «күйгөндөрү», башка ырчы-акындарга салыштырмалуу өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Анын «секетпайлары» менен «күйгөндөрү» мазмундуу келип, маңыздуулугу, ар нерсени көркөмдөп сыпаттоо жагынан өзгөчөлөнүп турат. Анын ырларында көбүнчө ээй, иий, оой, аай үндүү тыбыштардагы созулмалары кеңири коштолгон. «Секетпайлар» салттык аткаруучулуктун негизинде, салмактуу, шайыр келип, көкөлөтө созулмалуу кайрыктарда ырдоо мүнөздүү болгон. Ал эми, «Күйгөн» ырларынын мазмуну көбүнчө көксөө, эңсөө, өксүү менен муңдуу, ойлуу мүнөздөрдө түзүлгөндүгүн ачык көрөбүз.

1920-жылдары эл ырчы-акындарынын ичинде Боогачынын бир катар ыр жыйнактары да басмадан жарык көргөн. 1925-жылы «Секетпай» деген аталыштагы 59 беттен турган биринчи жыйнагы, Москвада 5000 нуска менен басмадан чыгат. Бул жыйнакты И. Арабаев Боогачынын өз оозунан жазып алып түзгөн. Ал эми, 37 беттен турган экинчи ырлар жыйнагы «Күйгөн» деген ат менен, 1927-жылы Фрунзеде (Бишкекте) 3000 нускада, С. Карачовдун түзүүсү менен басмадан жарык көргөн [6, 101-б.].

Элдик обондуу лирикалык ырларынын ичинде сүйүү, ашыктык ырлары кыргыз поэзиясында орчундуу орундардын бирин ээлейт. Бул тууралуу белгилүү фольклор изилдөөчү С. Закиров: «Сүйүү ырларынын биринчи түрүнө жалпы дүйнөлүк адабиятта өкүм сүргөн ашыктык ырларын киргизүүгө болот. Кыргыз элинде мындай ырлардын тобу «Секетпай» деген ат менен белгилүү... «Секетпай» ырларында сүйгөнүнүн

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



сулуулугуна суктануу, аны ар түрдүү сонун нерселерге салыштырып сыпаттоо, акырында ага ашык болгондугун билдирүү негизги орунда турат», - деп жазган [7, 107-б.]. Окумуштуу айткандай, «секетпай» ырларында ашык болгон адамынын ай-чырайына, нур төгүлгөн жамалына суктануу биринчи орунда турат. Мындай сапаттарды Боогачынын «секетпай» ырларынан кеңири кезиктиребиз. Буга, бүгүнкү күндө жалпы элге кеңири тараган, элдик ырчылардын репертуарынан кеңири орун алган, секетпай мүнөздөгү, лирикалык обондуу ырлардын бири – «Үкөй» мисал боло алат. Залкар ырчынын бул ыры мына ушул күйгөн жанрына кирет. Боогачы «Үкөй» ырын жаш кезинде жаратып, атагы алыска тарап, эл ичинде уламага айланган. Ырдын поэтикалык саптарынан ээй, иий, аай, оой сыяктуу созулмалуу үндүүлөрдүн арбын кездешкендигинен, обондун салмактуу келип созулмалуу кайрыктарда эңсөө, өксүү, арзуу, муңдуу мүнөздөрдө, сөздөрү менен обону төп келишип, оригиналдуулугу менен айырмаланат.

Боогачынын «Үкөй» ыры улуттук поэзиянын ири сабында жаралган лирикалык секетпай ырларынын классикалык үлгүсү катары эсептелет. Бул тууралуу окумуштуу Садык Алахан мындайча жазган: «Акындын секетпай ырларын кылдат окуп олтурган адам, ал чыгармалардагы автордук ойду айтуунун ыкмасы, ыр жаратуунун стилдик бөтөнчөлүгү дале болсо, элдик секетпай ырлары менен бекем тутамдашып тургандыгын байкабай койбойт» [8, 116-б.].

«Үкөй» Мусанын ырчылык мектебинин улантуучусу, көрүнүктүү ырчы Асек Жумабаевдин аткаруусунда кыргыз радисуна жазылып, алтын казынасында сакталган. «Үкөй» ырын кийинчерээк, музыка таануучу Муратбек Касей 1988-жылы эң алгач нотага түшүрүү менен, «Камбаркан» фольклордук ансамбли үчүн иштеп чыккан. Ырды «Камбаркан» фольклордук ансамблинин коштоосунда көрүнүктүү ырчы Нурак Абдрахманов аткарып, кыргыз радиосуна жазылып, алтын казынасында сакталууда.

Бул мезгилдерде Токтогулдун замандашы Тоголок Молдо баш болгон, шакирттери – Калык Акиев, Барпы Алыкулов, Осмонкул Бөлөбалаев, Коргол Досуев сыяктуу ырчы-акындар эл-жерди, Ата-Мекенди, элдин эркиндигин, бакубат жашоосун, ынтымактыгын, достугун, кужүрмөн эмгекчи элди даңазалаган чыгармаларды («Эркиндик», «Насыят», «Эркиндик заман», «Жаңы заман», «Партияга», «Биздин туу», «Өмүрүм», «Эски заман», «Менин жерим», «Ак Бакай», «Акыйкат») жаратышат. Алардын ырлары жалпы элдик жаңыча жашоого жана эмгектенүүгө үгүтчүлүк, насаатчылык багытына мазмундалган. Атап айтсак, «Биздин жеңүү», «Улуу Октябрь», «Таалай, бакыт Октябрь», «Кеңеш өкмөтү», «Аял теңдиги» сыяктуу ырларды жаратышкан. Бул обондуу ырлар салттуулуктун нугунда калыптанып, революциялык маанайда, ыргактык өзгөчөлүктөрүндө мүнөздөлгөн.

Бул мезгилдерде, жеке эле ырчылыгы гана эмес, обончулугу менен да элге кеңири таанымал болгон, булбул үндүү, көмөкөйлүү, элдик ырчылык аткаруучулук өнөр мектебинин улантуучуларынын ичинен өзгөчө эки ырчы – Атай Огонбаев (1900-1949) менен Муса Баетов (1902-1949) кыргыз элдик ыр чыгармачылыгын жана обончулук мектебин жандандырып, эл арасына кеңири таратууга зор эмгегин өтөшкөн.

Элдик фольклордук ыр чыгармаларынын сары изине үңүлсөк, байыркынын түпкүрүнө алып бараары бизге белгилүү. Ошол байыртадан бери өнүгүү жолунда болгон ар бир тарыхый доордо пайда болгон чыгармалар, ошол өзүнө тиешелүү доордун жашоосу, өзгөрүүлөрү, өнүгүүсү менен катар эриш-аркакта болот. Байыркы обондуу ырлар улам кийинки доордо, салттуулугун сактаса да, кандайдыр бир деңгээлде обондуулугу, ыргактуулугу жана ошондой эле, поэтикалык саптары жагдайында кыйла өзгөрүүгө дуушар болушат. Биз билген 20-кылымдын башы менен келген жаңы доордо, элдик обондуу ыр чыгармачылыгынын өнүгүүсүндө кыйла өзгөрүүлөр болгондугун көрдүк.

Коомчулуктун өнүгүүсүнө жараша, элдик фольклордук обондуу ыр чыгармачылыгынын синкретизминен жанрдуулук жана түрдүү мүнөздүүлүк келип чыкты. Түрдүү жанрдуулукка ээ болгон элдик ыр чыгармачылыгынын негизинде пайда болгон композитордук музыка жаралды. Сөзсүз түрдө, элдик ырчы-обончулардын чыгармачылыктарына композитордук музыкалык ыкманын таасири тийбей койгон жок. Бирок, ошондой болсо да, эл ичинен чыккан таланттуу ырчы-обончулар, элдик ырчылык салттуулуктун нугунда чыгармачылыктарын жүргүзүп келишкен. Бул жагдайда, эл ичинен чыккан чыгаан ырчы-обончулар (М. Баетов, А. Огонбаев, Ж. Шералиев ж. б.) өзүлөрүнүн ыр чыгармачылыктарын жана ырчы-обончулук чеберчиликтерин, элдик салттуулуктун негизинде өнүктүрүшкөн.

Өзүнүн өнүгүүсүнүн жаңы этабында, элдик обондуу ырлар кыйла деңгээлге жетип, жалпы коомчулуктун улуттук музыкалык маданиятына болгон көз карашы жогорулап, бир дем менен алдыга кадам таштаган. Бул мезгилдерде, кыргыз обондуу ырларынын өнүгүү жолу, биринчиден, байыркы элдик ыр чыгармачылыгынын салттуулугунун негизинде улантылышы, экинчиден, элдик ырчы-обончулук өнөрдүн «устат-шакирт» салттуу мектебинин уланышы, үчүн-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



чүдөн, жаңы доордогу жаңыча көз караштардын, жаңыча чыгармачылыктын, жаңыча ишмердүүлүктүн шарапаты менен, өнүгүү этабынын кесиптик жогорку деңгээлге багыт алышы болду. Мындай тенденция, кыргыз элдик обондуу ырларынын жана ырчы-обончулук өнөрүнүн салттуулугунун сакталышын жана андан ары өнүгүшүн айкындап турат.

**Адабияттар:**


1. Дүйшалиев К. Ш. Кыргыз эл музыкасы [Текст]. / Окуу китеби. – Б.: «Шам», 2007. – 20-б.
2. Абрамзон С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст]. – Ленинград, 1971. – С. 385.
3. Касей М. Салттык музыкалык аткаруучулук өнөр Кыргызстандын маданият системасында [Текст]. КР УИА, А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту. Маданият таануунун кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Диссертация. – Б., 2021. – 95-б.
4. Затаевич А. Киргизские инструментальные пьесы и напевы. – М., 1934. 39-б.
5. Виноградов В.С. Токтогулдун музыкалык мурасы [Текст]. – М., 1961. – 7-б.
6. Ибраимов К. Боогачы Жакыпбек уулу [Текст] // Ала-Тоо, 1989. – № 3. – 101-б.
7. Закиров С. Сүйүү ырлары [Текст]. «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки» китебинде. – Ф.: Илим, 1973. - 107-б.
8. Садык Алахан. Унутулган жазгыч акын жана анын ашыктык ырлары. «Азыркы адабият таануу жана фольклористика маселелери» илимий жыйнагында. 1-чыгарылыш. – Б.: «Университет», 2013. – 116-б.
9. Виноградов В. С. Кыргызские народные музыканты и певцы. – М., Советский композитор, 1972. – 13-14-бб.